УДК: 631.4(575.2) (512.145)
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/3-351-358

**Солпуева Д.Т.**
география илимдеринин кандидаты, профессордун м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Solpuieva73@mail.ru
**Айбекова Н.А.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# АТ – БАШЫ РАЙОНУНУН ЖАЙЫТ РЕСУРСТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ

**Аннотация.** Бул макала Ат-Башы районунун жайыттарынын абалына жана алардын экологиялык, чарбалык маанисине арналган. Райондогу айыл чарба жерлеринин 85 пайыздан ашыгы жайыт аянттарын түзөт. Соңку жылдары бул жайыттар экономикалык жактан арзан табигый ресурс катары каралып, бирок аларды туура эмес жана ашкере пайдалануу, ошондой эле табигый тоют жерлерин жакшыртуу боюнча иш-чаралардын жетишсиздиги экологиялык абалдын начарлашына алып келүүдө. Изилдөөнүн жүрүшүндө жайыттарды ашыкча пайдалануу өсүмдүктөрдүн сейректелишин, тоо ландшафттарынын деградациясын, биологиялык ар түрдүүлүктүн жана генофонддун жоголушун шарттап жатканы аныкталды. Жайыттардын түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшү алардын деградация процессинин негизги көрсөткүчү болуп эсептелет. Акыркы 20–30 жыл ичинде антропогендик жана жаратылыш факторлорунун таасиринен шарттуу түрдө таза жайыттардын аянты 23% га чейин кыскарып, жыл сайын 11,5 млн тонна табигый тоют жоготуулары катталууда. Бул көрүнүш экосистеманын туруктуулугуна гана эмес, мал чарбачылыгынын өндүрүштүк көрсөткүчтөрүнө да терс таасирин тийгизүүдө. Изилдөөнүн жыйынтыгында жайыттарды рационалдуу пайдалануу, белгилүү мөөнөт менен эс алдыруу жана табигый тоют базасын калыбына келтирүү боюнча алдын ала иш-чараларды ишке ашыруу зарылдыгы көрсөтүлдү. Эн жакшы абалдагы жайыттар экосистеманын суу жана аба режимин жөнгө салып, биоартүрдүүлүктү сактоого, топурактын эрозиясын алдын алууга жана туруктуу айыл чарбасын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

**Негизги сөздөр**: жайыт, деградация, айыл-чарба, табигый чөп, кыртыш, тоют өсүмдүктөрү, малдын салыгы, сарамжалдуу пайдалануу

**Солпуева Д.Т.**
кандидат географических наук, и.о. профессора
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
Solpuieva73@mail.ru
**Айбекова Н.А.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ПАСТБИЩНЫХ РЕСУРСОВ АТ-БАШИНСКОГО РАЙОНА

**Аннотация.** Исследование посвящено анализу состояния пастбищ Ат-Башинского района и их экологическому и хозяйственному значению. Более 85% сельскохозяйственных угодий района занимают пастбищные территории. В последние годы пастбища рассматриваются как дешёвый природный ресурс, однако их чрезмерное и нерациональное использование, а также недостаточность мероприятий по улучшению естественных кормовых угодий приводят к ухудшению экологического состояния. В ходе исследования установлено, что перегрузка пастбищ способствует разрежению растительного покрова, деградации горных ландшафтов, утрате биологического разнообразия и обеднению генофонда.

Снижение урожайности пастбищ является основным показателем процессов деградации. За последние 20–30 лет под воздействием антропогенных и природных факторов площадь условно чистых пастбищ сократилась до 23%, что ежегодно приводит к утрате около 11,5 млн тонн естественного корма. Эти процессы оказывают отрицательное влияние не только на устойчивость экосистем, но и на производственные показатели животноводства.
По результатам исследования обоснована необходимость рационального использования пастбищ, их периодического восстановления (отдыха) и проведения профилактических мероприятий по улучшению естественной кормовой базы. Пастбища в хорошем состоянии регулируют водный и воздушный режимы экосистемы, предотвращают эрозию почв, способствуют сохранению биологического разнообразия и обеспечивают устойчивое развитие сельского хозяйства.

**Ключевые слова:** пастбища, деградация, сельское хозяйство, естественные травы, почва, кормовые растения, продуктивность скота, рациональное использование.

**Solpueva D.T.**
Candidate of Geographical Sciences, Acting Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
Solpuieva73@mail.ru
**Aibekova N.A.**
Master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## UTILIZATION OF PASTURE RESOURCES IN THE AT-BASHY DISTRICT

**Abstract.** The study is devoted to the analysis of the condition of pastures in the At-Bashy district and their ecological and economic significance. More than 85% of the district's agricultural land consists of pasture areas. In recent years, pastures have been regarded as an inexpensive natural resource; however, their excessive and irrational use, as well as insufficient measures aimed at improving natural forage lands, have led to the deterioration of their ecological condition. The study established that pasture overloading contributes to the thinning of the vegetation cover, degradation of mountain landscapes, loss of biological diversity, and depletion of the gene pool.

The decline in pasture productivity is the main indicator of degradation processes. Over the past 20–30 years, under the influence of anthropogenic and natural factors, the area of relatively unspoiled pastures has decreased to 23%, resulting in the annual loss of about 11.5 million tons of natural forage. These processes negatively affect not only the stability of ecosystems but also the production performance of livestock farming.

Based on the research findings, the necessity of rational pasture use, their periodic restoration (resting), and the implementation of preventive measures to improve the natural forage base has been substantiated. Well-maintained pastures regulate the water and air regimes of ecosystems, prevent soil erosion, contribute to the preservation of biodiversity, and ensure the sustainable development of agriculture.

**Keywords:** pasture, degradation, agriculture, natural grasses, soil, forage plants, livestock productivity, rational use.

Ат-Башы районунун табигый климаттык шарты, географиялык абалы, калктын чарба тармактарынын калыптанышына өзгөчө таасир эткен. Совет мезгилинде жүргүзүлгөн экономикалык саясаттын негизинде райондо негизинен айыл чарбасын өнүктүрүүгө басым жасалган.

Райондун экономикасында айыл чарба тармагы негизги орунду ээлейт. Аймактын шалбалуу, малга жагымдуу түркүн чөптүү жайыттардын болушу мал чарбасын өнүктүрүүгө кеңири мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондуктан союз тараганга чейин айыл чарбасы механизациялаштырылган жана чарба жүргүзүүнүн алдыңкы ыкмаларын кеңири жайылтылган тармакка айланган.

Жайыттардын аянты Ат-Башы районунун бардык айыл чарба жерлеринин 85% дан ашыгын түзөт. Соңку мезгилде жайыттар экономикалык көз караштан алганда арзан табигый ресурс катары бааланууда. Бирок аларга аяр мамиле жасоо зарыл, анткени мал чарбасында сүттүн молдугу жана малдын тез салмак кошуусу сыяктуу максаттар үчүн жайыттарга жетиштүү көңүл бурулбай келет. Бул жагдай өндүрүштүк көрсөткүчтөргө гана эмес, экологиялык абалга да терс таасир этүүдө.

Жайыттарды туура эмес пайдалануу алардын бузулушуна, тоют базасынын азайышына жана мал чарбасынын абалынын начарлашына алып келет. Ал эми жерди сарамжалдуу пайдалануу, мал жаюу эрежелерин сактоо жана жайыттарды туура пайдалануу тоют базасынын сапатын жакшыртып, айыл жерлериндеги бир катар экологиялык жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө өбөлгө түзөт.

Мындан тышкары, табигый тоют катары өскөн өсүмдүктөр менен катар дары чөптөр, фармакологияда колдонулуучу жана декоративдик өсүмдүктөрдүн көптөгөн түрлөрү да өсөт. Ошондуктан жайыт маселелери фармакология, бал аарычылыгы, туризм жана мергенчилик чарбалары, ошондой эле жаратылыш парктары, коруктар жана заказниктер менен тыгыз байланышкан.

Буга чейин жайыттарга ашыкча мал чыгаруу жана табигый тоют жерлерин жакшыртуу чараларынын жетишсиздигинен улам жыл өткөн сайын чөп жамынтыгынын сейректелиши жана жайыттардын экологиялык абалынын начарлашы байкалган. Жайыттардын бузулушу айрым өсүмдүктөрдүн жоголушуна, өзгөчө мал тепсөөсүнө сезимтал түрлөрдүн азайышына, биологиялык ар түрдүүлүктүн жана генофонддун кедейленишине алып келет.

Жайытты тынымсыз пайдалануу чөптөрдүн тамыр системасынын кургашына, жер кыртышынын бузулушуна, түшүмдүүлүктүн төмөндөшүнө жана эрозияга алып келет. Чөп

катмары начарлаганда жайытты эс алдыруу зарыл, анткени тебелеп-жедирүүдөн кийин өсүмдүктөрдүн калыбына келиши үчүн убакыт керек. Адистердин пикиринде, жайыт 4–6 жыл пайдаланылгандан кийин сөзсүз эс алууга тийиш. Бул мезгил ичинде көп жылдык өсүмдүктөрдүн үрөндөрү өнүп чыгып, жаш өсүмдүктөрдүн өсүшүнө шарт түзүлөт, тамыр системасы чыңдалып, кыртыштын структурасы жакшыртылат.

Деградация процесси жылдан-жылга күчөп, айрым аймактарда калыбына келгис мүнөзгө ээ болууда. Акыркы 20 жыл ичинде шарттуу түрдө таза деп эсептелген жайыт аянттары 23% га чейин кыскарган.

Жайыттын түшүмдүүлүгү анын абалынын негизги көрсөткүчү болуп саналат. Ал деградация процесстеринин индикатору катары да маанилүү. Жайыттарды жүктөмүнөн ашыра пайдалануу түшүмдүүлүктүн азайышына алып келип, жыл сайын орто эсеп менен 11,5 млн тонна табигый тоют жоготууга алып келүүдө.

Акыркы 50 жыл ичинде жайыттарга табигый факторлордон тышкары (жаан-чачын, температура, нымдуулук, бийиктик, тоо экспозициясы ж.б.) адамдын ишмердүүлүгү да чоң таасир тийгизип келет. Бул жагдай түшүмдүүлүктүн азайышына, өсүмдүк түрлөрүнүн кемигишине жана тоюттук баалуулуктун төмөндөшүнө алып келген. Ошондуктан табигый тоют жерлерин жакшыртуу боюнча алдын ала чараларды көрүү зарыл.

Эң жакшы абалдагы жайыт адамга материалдык гана эмес, экологиялык жактан да пайдалуу: таза суу булагын камсыздайт, жердин суу жана аба режимин жөнгө салат, өсүмдүктөрдүн өсүүсүнө шарт түзөт. Жер канчалык сапаттуу болсо, өсүмдүк курамы ошончолук бай жана ар түрдүү болуп, жайыт түшүмдүүлүгү жогорулайт.

Жайыттар төмөнкү негизги табигый функцияларды аткарат:

- өсүмдүк биомассасын, анын ичинде мал үчүн тоют даярдоо;
- топуракты эрозиядан коргоо;
- суу режимин жөнгө салуу.

Эгер бул функциялардын бири толук аткарылбаса, жайыт начар абалга кептелет. Ошондуктан жайыт абалынын категориясын аныктоо — анын функционалдык жөндөмүн баалоонун негизги шарты болуп эсептелет.

Ат-Башы районунун Терек-Суу айылындагы жайыттарда жүргүзүлгөн мониторинг жыйынтыктары дал ушуну көрсөттү. Райондун негизги тоют булагы — табигый тоют жерлери болуп, алар жалпы айыл чарба аянтынын 85% ын ээлейт.

Жайыт тоютунун азыктык баалуулугу жогору болгондуктан, туура пайдалануу шартында малдын азыктуулугу да кыйла жогорулайт. Өсүмдүктөрдүн желиниш даражасына жараша жайыттар төмөнкүдөй бөлүнөт:

- эң жакшы желген (60–90% пайдаланылган);
- жакшы желген (40–60%);
- канааттандырарлык желген (25–40%);
- начар желген (0–25%);
- желбеген (0%).

Өсүмдүк курамына жараша табигый жайыттар жана чабындылар төмөнкү зоналарга бөлүнөт: чөлдүү, жарым чөлдүү, талаа, шалбаа-талаа жана шалбаа (бийик тоолуу, субальпы жана альпы). Талаа жайыттарынын негизги бөлүгүн майда чымдуу бетеге талаалары түзөт.

Жайыттарды башкаруунун биринчи кадамы – өсүмдүктөрдү инвентаризациялоо, башкача айтканда, ал жерде кандай өсүмдүктөр өсөрүн аныктоо. Айрым өсүмдүктөр мал тарабынан жакшы желбейт, арасында уулуу жана отоо чөптөр да кездешет. Профессор А.Г.

Головкованын маалыматына ылайык, Кыргызстандын аймагында 630 түр тоют өсүмдүктөрү өсөт. Бул өлкөдөгү тоют өсүмдүктөрүнүн болжол менен бештен бир бөлүгүн түзөт.

Жайыттар жазгы–күзгү, жайкы жана кышкы болуп бөлүнөт. Райондогу жайыттардын жалпы бөлүштүрүлүшү төмөнкүдөй: жайкы – 37,5%, жазгы жана күзгү – 33,2%, кышкы – 29,3%. Кышкы жайыттар тоо этектеринде, жазгы жана күзгү жайыттар өрөөндөрдө, ал эми жайлоолор тоо кыркаларынын төрлөрүндө жайгашкан.

Өрөөн үчүн эң маанилүүсү — жайкы жайыттар, анткени төрт ай бою (июнь–сентябрь) бардык мал ошол жакта жайылат. Бирок жай айларында жаан-чачындын аз болушу чөптүн калыбына келүүсүн жайлатат.

Өрөөндүн 2300–2800 м бийиктиктеринде жаздык–күздүк жайыттар орун алган. Малчылар апрель айынын орто ченинде көчүп келип, июнь айынын башына чейин турушат, андан кийин жайлоого көчүшөт. Күзүндө августтун аягында кайра ошол аймакка кайтышат. Жайыттын деградацияга көп кабылуучу мезгили дал ушул жаз–күз айларына туура келет.

Совет мезгилинде малды ченем менен жайуу жана көчмө системанын сакталуусу жайыттарды рационалдуу пайдаланууга шарт түзгөн. Азыркы учурда бул система бузулуп, малдын санынын көбөйүшү жана көчмө жүрүштөрдүн тартибинин сакталбашы өсүмдүктөрдүн жоголушуна алып келүүдө.

Жайлоолордо малдын ашыкча жайылышы топурак катмарынын бузулушуна, жаан-чачындын сиңимдүүлүгүнүн төмөндөшүнө жана өсүмдүктөрдүн биомассасынын азайышына алып келет. Малчылардын журт которуусу да жайытка кошумча зыян келтирет: мал жаткан жерлердин өсүмдүк катмары ондогон жылдар бою калыбына келбейт.

Азыркы учурда жайыт маселелерин чечүүнүн бирден-бир жолу — айыл өкмөтү менен жайыт комитетинин тыгыз, бирдиктүү иш алып барышы. Бул үчүн төмөнкү чаралар сунушталат:

- конуштарды бөлүштүрүү жана отурукташуу эрежелерин жергиликтүү тургундар менен бирге иштеп чыгуу жана бекитүү;
- алыстагы Ак-Сай, Арпа жайлоолоруна көчмө малчылыкты колдоо жана транспорт жагынан көмөк көрсөтүү;
- жайыт эрозиясы жана деградациясы боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- жайыт аймактарындагы көпүрөлөрдү жана жолдорду калыбына келтирүү;
- суу маселесин чечүү;
- мал үчүн алынуучу акынын туруктуу баасын белгилеп, түшкөн каражаттын көпчүлүк бөлүгүн жайыт көйгөйлөрүн чечүүгө багыттоо.

Жогорудагы чараларды эске алуу менен ар бир малдын киреше жана чыгаша көрсөткүчтөрүн аныктоо зарыл.

**Таблица 1. 1 уйдун 1 жылдагы киреше жана чыгашасын аныктоо**

| Иш-аракеттер | Баасы-сом | Жыйынтыгы сом |
|---|---|---|
| Салык | 100 сом 1 жылга | 100 |
| Жем (күнүнө 2 кг) 1 кг жем - 26 сом | 52 *6=426кг=9400 сом | 9400 |
| Чөп 6 айга ( кыштоого )-180 боо талап кылынат. Чөптүн 1 боосу 350 сом | 180*350=63000сом | 63000 |

| | | |
|---|---|---|
| Жайлоодогу бактырган кызмат акы 6 айга (1 айга - 500 сом) | 6*500сом=3000сом | 3000 |
| Ветеринардык кызмат | 2000 сом | 2000 |
| Сугаруу, чөп салуу жем берүү | 5000 сом*7=35000 сом | 35000 |
| Жалпы чыгым: | | 55800 |
| Сатуудагы киреше: | | 50000 |
| Жалпы киреше: | | 55800 |

**Таблица 1 1 жылдык 1 га жердин чөбүн жыйноо**

| Жүргүзүлүүчү иштер | Керектелүүчү май (1л май 75 сом) жана суу | Эмгек акы | Жыйынтык |
|---|---|---|---|
| Жер айдоо | 25л май 1875сом | 2000сом | 3875 |
| Жер тырмоо(малалоо) | 10л май 750сом | 1000сом | 1750 |
| Үрөөн себүү | 10л май 750сом | 1700сом | 1750 |
| Арык тартуу | 10л май 750сом | 500сом | 1250 |
| Сугат | 24саат 100*2=200сом | 2000*2=4000сом | 4200 |
| Чөп чабуу | 10л май*2=20л май 750*2=1500 сом | 1500*2=3000сом | 4500 |
| Чөп пресстөө | 10л май*2=20л май 750*2=1500 сом | 1 түп 10 сом 1200түп12000сом | 13500 |
| Чөп тарттыруу | 10л май*2=20л май 750*2=1500 сом | 1200сом (1түп жыйуу 10 сом) 12000сом | 14700 |

45525сом

**Таблица 3. Терек-Суу айылындагы мал жандыктардын саны [ 2024]**

| Мал жандык | Саны | Төлөнүүчү салыгыт(сом) 2024-ж |
|---|---|---|
| Уй,Бука | 1923 | 100 |
| Кой,эчки | 10437 | 22 |
| Жылкы | 1220 | 150 |

**Таблица 4. Малдын жайытка болгон салыгы**

| Мал жандыктар | Жайыт үчүн салык (сом) |
|---|---|
| Бодо мал | 100 |
| Жылкы | 150 |
| Кой-эчки | 70 |

**Таблица 5. Сүт продукциясынын активдүүлүгү**

| Сүт продукциялары | Баасы (сом) |
|---|---|
| Сүт | 1л 35сом |
| Сары май | 1 кг 1100сом |
| Курут | 1 кг 500сом |
| Сүзмө | 1 кг 150 сом |

| | |
|---|---|
| Айран | 1 л 60сом |

Биз жогоруда бодо мал чарбачылыгын жүргүзүүдө мал чарбачылыгын ичинен бодо малдын киреше жана чыгашасын эсептеп чыгып төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик. негизги киреше булактары — мал сатуу, сүт сатуу жана сүттөн алынган кошумча продукциялар (каймак, курут, сары май ж.б.) болуп саналат. Акыркы мезгилде рынокто сүт жана сүт азыктарынын баасынын өсүшү чарбачылык үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү жаратты.

Киреше бөлүгү: Этке өткөн бодо малдын баасынын өсүшү чарбанын негизги киреше булагы болуп калды. Эттин килограммынын орточо баасы жогорулап, жалпы түшкөн каражат да көбөйдү. Сүттүн литрине болгон баанын жогорулашы дыйкандар үчүн кошумча киреше алып келди.Сүт азыктары (каймак, курут, сары май): Бул продукциялардын баасы да кыйла жогорулады. Натыйжада, чийки сүттү жөн эле сатууга караганда кайра иштетүү кирешелүүрөөк болуп калды. Мындан сырткары чыгаша бөлүгүн эсептеп чыкканыбызда малдын тоюту, ветеринардык кызмат, электр энергиясы жана эмгек акыга жумшалат. Тоюттун баасы өссө да, продукциянын баасынын жогорулашы чыгымдарды жабууга жана таза кирешени көбөйтүүгө шарт түздү.

Жыйынтыктап айтканда, бодо мал чарбачылыгынын учурдагы абалы пайда алып келүүчү жана туруктуу тармак болуп саналат. Сүт жана сүт азыктарынын баасынын өсүшү, ошондой эле эт базарындагы суроо-талаптын жогору болушу чарбанын кирешесин арттырып, чарбалык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун жакшыртты. Малдын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, сапаттуу тоют менен камсыз кылуу жана сүттү кайра иштетүүнү өнүктүрүү аркылуу кирешени мындан ары да көбөйтүү мүмкүнчүлүгү чоң.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абдыраева, М. Э., Рашева, А. Т. Кыргыз Республикасынын жайыттарын башкаруу [Текст] // Кырг. улут. аграр. ун-ты им. К. И. Скрябина. – Бишкек, – С. 401–405.
2. Айбасов, Е. Б., Кусаев, Ш. П. Почвенные свойства пустынных пастбищ в зависимости от интенсивности выпаса [Текст] // Труды Вост. отделения ВАСНИЛ. – Алма-Ата, 1981. – С. 55–60.
3. Ат-Башы районунун энциклопедиясы. – Бишкек, 2022.
4. Жайыт пайдалануу боюнча көрсөтмө. «Кожо-Бакырган» дарыясынын боюндагы жайыттар үчүн конфликттерди башкаруу» долбоору алкагында CAMP Алатоо коомдук фонду тарабынан иштелип чыккан.
5. Мал чарбачылыкты жана рынокту өнүктүрүүдөгү инновациялык мамилелер // Жаңылыктар жарчысы / КР Айыл чарба жана мелиорация министрлиги. Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмү. – Бишкек, №3, 2015.
6. Калганов, М. П., Гульцев, В. С. Значение пастбищ и сенокосов в развитии кормовой базы [Текст] // Пастбища и сенокосы СССР. – М., 1974. – С. 7–23.
7. Кожевникова, Н. Д., Трулевич, Н. В. Сухие степи Внутреннего Тянь-Шаня (влияние выпаса на растительность и возрастной состав популяций основных растений) [Текст]. – Фрунзе: Илим, 1971. – 201 с.
8. Курманбаева, С. К., Есенгулова, Н. Ж., Сарсенбаева, Б. С., Мамырбаева, С. Г. Естественные пастбища и сенокосы и их роль в производстве кормов [Текст] // Вестн. Гос. ун-та им. Шакарима. – Семей, 2014. – № 4. – С. 134–136.
9. Лаптев, П. И. Улучшение лугов и пастбищ [Текст]. – М.: Знание, 1967. – 59 с.
10. Ларин, И. В. Пустынные и полупустынные пастбища и развитие животноводства [Текст] // Кормовая база отгонного животноводства. – М., 1967. – С. 3–8.

11. Малчылар үчүн колдонмо. – Бишкек: Борбордук Азия университети, 2011. – 136 б.
12. Мустапакулова, Д. Н., Жалилова, Г. Т. Көк-Таш айылынын айыл чарба жүргүзүү практикасынын натыйжалуулугун баалоо // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2024. – № 3–2. – Б. 235–244. – DOI: 10.33514/1694-7851-2024-3/2-235-244. – EDN: QPPZPK.
13. Чупахин, В. М. Региональная экологическая схема борьбы с опустыниванием [Текст] / Отв. ред. А. Г. Бабаев. – Л.: Наука, 1990. – 157 с.
14. Шихотов, В. М. Борьба против сорной растительности на пастбищных угодьях [Текст]. – Фрунзе: Кыргызстан, 1976. – 98 с.
15. Шмыков, М. А. Организация и использование пастбищ Юго-Востока [Текст]. – М.: Сельхозгиз, 1952. – 339 с.

**Рецензент: география илимдеринин кандидаты, доцент Токторалиев Э.Т.**